**Чет тили (англис тили, немис тили) сабактары боюнча баалоонун критерийлери**
**3-11-класстар**

**1. Окуу**
**“5”** – берилген текстти шар окуй алса, мазмунуна түшүнсө, суроо бере билсе жана ага жооп бере алса;
**“4”** – берилген текстти шар окуй алса, мазмунуна түшүнсө, бирок мазмунуна карата суроо коюп жана ага жооп бере албаса;
**“3”** – текстти жай окуса, мазмунуна толук түшүнө албаса, сөздүксүз которо албаса;
**“2”** – текстти окуй албаса, ар сөзгө сөздүк колдонсо.

**2. Аудирование (угуп түшүнүү)**
**“5”** – угуп жатып эле мазмунун түшүнсө, түшүнбөгөн сөздөрүн контекст аркылуу түшүнсө;
**“4”** – текстти толук түшүнөт, бирок ичинен кээ бир маалыматтарын түшүнө албайт;
**“3”** – тексттин 50%ын эле түшүнөт, толук маалымат ала албайт;
**“2”** – угуп жатып эч нерсе түшүнбөсө.

**3. Сүйлөө**
**“5”** – берилген тапшырманы толук аткарса, сүйлөгөндө грамматиканы туура колдонсо, катасы жок болсо;
**“4”** – берилген тапшырманы аткарса, сүйлөө речинде бирин-экин грамматикалык ката кетирсе;
**“3”** – сөз байлыгы чектелүү болсо, сүйлөгөндө бир топ грамматикалык каталарды кетирсе, сөздөрдү так айтуусу даана эмес болсо;
**“2”** – сүйлөгөндө көп грамматикалык каталарды кетирип, сүйлөмдөрдүн түзүлүш тартибин туура эмес колдонсо.

**4. Жазуу (тест, диктант)**
**“5”** – таза, сулуу жазылып, экиден көп ката кетпесе; тест болсо, берилген тапшырманын 90%ы аткарылса;
**“4”** – төрт ката кетсе; тест болсо, берилген тапшырманын 80-85%ы аткарылса;
**“3”** – он ката кетирсе, берилген тапшырманын (тесттин) 70%ы аткарылса;
**“2”** – 15тен ашык ката кетирсе, берилген тапшырманы (тестти) толук аткарбаса.

**5. Эссе**
**“5”** – берилген тапшырманын мазмунун толук ачып, 5тен көп ката кетирбесе;
**“4”** – теманы ачып бере алса, сүйлөмдөрдүн структураларын туура колдонсо, 8ден ашык ката кетирбесе;
**“3”** – теманы толук ача албаса, сүйлөмдөрдүн түзүлүшүн туура колдонбосо, 12ден ашык ката кетирсе;
**“2”** – 15тен жогору ката кетирсе.

## Биология сабагы боюнча баа коюунун нормалары

«5» деген баа окуучуга төмөнкү учурларда коюлат: - өтүлгөн материалды катасыз айтып же жазып берсе; - билим, билгичтик жана практикалык көндүмдөрдүн бардык көлөмүн программага ылайык өздөштүргөн болсо; - өзгөртүлүп берилген суроолорго оңой жооп берсе; - бүтүндөй материалды так жана толугу менен айтып берет, жазуу иштерин катасыз аткара алса; - алган билимдерин практикада эркин колдоно алса.

«4» деген баа окуучуга төмөнкү учурларда коюлат: - программалык материалдын билимдерин өздөштүрсө; 29 - материалды аң сезимдүү түрдө айтып берип, бирок анын маанилүү жактарын дайыма ажыратып айта албаса; - билимдерин практикада колдоно алат, бирок өзгөртүлүп берилген суроолорго оңой жооп бере албаса; - оозеки жана жазуу формасындагы тапшырмаларга берилген жоопторунда каталар болушу мүмкүн, мугалим эскерткен кемчиликтерди оңой оңдой алса.

«3» деген баа окуучуга төмөнкү учурларда коюлат: - программалык материалдын билимдерин өздөштүрөт, бирок өз алдынча айтып берүүдө кыйналат жана мугалим тарабынан тактап-толуктай турган суроолордун берилишин талап кылса; - өзгөртүлүп берилген суроолорго жооп берүүдө кыйналса; - оозеки жана жазуу формасындагы тапшырмаларга берилген жоопторунда каталар болсо.

«2» деген баа окуучуга төмөнкү учурларда коюлат: - материал тууралуу башка түшүнүккө ээ болсо; - оозеки жана жазуу формасындагы тапшырмаларга берилген жоопторунда орой каталар болсо.

**Оозеки жоопторду баалоонун критерийлери**

«5» деген баа окуучуга төмөнкү учурларда коюлат: - өздөштүрүлгөн теориянын негизинде толук жана туура жооп берсе; - материалды белгилүү логикалык ырааттуулук менен адабий тилде айтып берет: жооп өз алдынча берсе.

«4» деген баа окуучуга төмөнкү учурларда коюлат: - өздөштүрүлгөн теориянын негизинде толук жана туура жооп берсе; материалды белгилүү логикалык ырааттуулук менен адабий тилде айтып берет, бирок эки-үч майда ката кетирип, аларды мугалимдин эскертүүсү боюнча оңдосо.

«3» деген баа окуучуга төмөнкү учурларда коюлат: - жооп толук берилди, бирок маанилүү ката бар, же болбосо толук эмес жооп берсе.

«2» деген баа окуучуга төмөнкү учурларда коюлат: - жооп берип жатканда окуучунун өтүлгөн материалдын негизги мазмунун түшүнбөй калгандыгы аныкталганда же мугалимдин жол көрсөтүүчү суроолорунун жардамы менен оңдой албай калган маанилүү каталары бар болсо.

**Лабораториялык , практикалык ишти баалоонун критерийлери**

«5» деген баа окуучуга төмөнкү учурларда коюлат: - иш туура жана толук аткарылган; туура жыйынтык чыгарылса; - иш план боюнча техникалык коопсуздукту сактоо менен аткарылса.

«4» деген баа окуучуга төмөнкү учурларда коюлат: - жалпысынан иш туура аткарылган, эки-үч майда ката кетирилип, алар мугалимдин эскертүүсү боюнча оңдолсо.

«3» деген баа окуучуга төмөнкү учурларда коюлат: - иш жарым-жартылай туура аткарылган же болбосо маанилүү ката кетирилсе.

«2» деген баа окуучуга төмөнкү учурларда коюлат: - ишти аткаруу учурунда эки (жана көп) маанилүү ката кетирилген жана бул каталарды окуучу мугалимдин эскертүүсү менен оңдой алган эмес.

**Тесттерди баалоонун критерийлери**

“3” деген баа туура жооптор жалпы суроолордун 60% -74% түзсө;

“4” деген баа туура жооптор жалпы суроолордун 75% - 90% түзсө;

“5” деген баа окуучу тестти ийгиликтүү аткарып, туура жооптор жалпы суроолордун 90% ашыгын түзсө.

## Аскерге чейинки даярдоо (АЧД) предмети боюнча студенттердин окуу ишмердүүлүгүн баалоо критерийлери

Аскерге чейинки даярдоо сабактарында окуучулардын окуу жетишкендиктерин баалоо объектилери болуп төмөнкүлөр саналат:

1. Стандартка ылайык келүү (жеке натыйжалардын динамикасын эске алуу менен).
2. Окуучулардын практикалык көнүгүүлөрдү аткаруунун техникасы.
3. Теориялык билимдерди өздөштүрүү.
4. Сабак учурундагы тапшырмалардын аткарылышы.

Нормативдерди календарлык жана тематикалык план боюнча аткаруу тартибин мугалим аныктайт.

Практикалык көнүгүүлөрдү аткаруунун техникасын, теориялык билимди өздөштүрүү деңгээлин, сабакта тарбиялык тапшырмаларды аткарууну баалоо комплекстүү да, өзүнчө да жүргүзүлүшү мүмкүн.

| *Баалар* | | |
|---|---|---|
| “5” | Эң жогорку | Башка булактардан алынган кошумча маалыматтарды колдонуу менен программалык материалда жогорку эркин. Алган билимди жана көндүмдөрдү бейтааныш кырдаалда маселелерди чечүү үчүн аң-сезимдүү түрдө өзгөртөт. Когнитивдик активдүүлүктү, окууга чыгармачылык мамилесин көрсөтөт. Практикалык көнүгүүлөрдү жана стандарттарды ишенимдүү, так жана так аткарат |
| “4” | Жеткиликтүү | Тааныш кырдаалда программалык материалга ээ болуу жана иштетүү. Негизги теориялык маалыматты формулировкалайт же окуу процессинде алынган билимдердин жана көндүмдөрдүн бүтүндөй комплексин колдонуу менен практикалык жактан билгичтик менен аракеттенет. Практикалык көнүгүүлөрдү жана стандарттарды ишенимдүү, так, бирок өз алдынча жок кылынган жалгыз каталар менен аткарат |
| “3” | Орто | Программалык материалды толугу менен орто деңгээлде сезимдүү кайра чыгаруу. Окуучу Ата Мекенди коргоонун жоболорун жана аскердик иштин негиздерин аң-сезимдүү түрдө сүрөттөп, түшүндүрүп, майда каталарды кетирет. Практикалык көнүгүүлөрдү жана стандарттарды белгиленген мөөнөттө аткарат, бирок кичине каталары менен мугалимдин жардамы менен оңдолот |

Практикалык көнүгүүлөрдү аткарууда мугалим ден соолук абалын (практикалык көнүгүүлөрдү өткөрүү учурундагы) жана окуучулардын физикалык өнүгүү деңгээлин эске алышы керек. Сырттан келген студент тарабынан аттестациянын практикалык бөлүгүн коопсуз өткөрүүгө талаптар:

- жумуш орундарынын коопсуздугун жана жабдуулардын ишке жарамдуулугун текшерүү.

## География сабагында окуучулардын окуу жетишкендиктерин баалоодо белги (баа) төмөндөгү критерийлердин негизинде коюлат:

### «5» белгиси (баа) коюлат. Эгер окуучу:

1. Окуу программасынын материалынын маңызын, окулуп жаткан түшүнүктөрдү, кубулуштарды, теорияларды, мыйзам ченемдүүлүктөрдү, өз ара байланыштарды өз алдынча ачып көрсөтө алат;
2. Негизги жоболорду бөлүп көрсөтө алат жана аларды өз алдынча конкреттүү мисалдар жана фактылар менен тастыкай алат;
3. Өз алдынча жана аргументтүү талдоо, жалпылоо жана жыйынтыктоо чыгара алат;
4. Алган билимдерди тааныш эмес кырдаалда колдоно алат;
5. Окуу материалын так, байланыштуу, негиздүү, логикалык ырааттулукта жана катасыз айтып бере алат;
6. Негизги түшүнүктөрдү, мыйзамдарды, теорияларды так баяндап берет жана жеке өзүнүн бутумун чыгарат;
7. Тажрыйбалардын жана байкоолордун жыйынтыктарын чыгаруу үчүн өз алдынча билим булактарын, көрсөтмө куралдарды, маалымдоо маалыматтарын, окуу китебин жана башка кошумча адабияттарды өз алдынча колдоно алат;
8. Чиймелер, сүрөттөр, приборлор менен өз алдынча иштей алат;
9. Географиялык картадан географиялык номенклатураны таба алат.

### "4" белгиси (баа) коюлат. Эгер окуучу:

1. Окуу материалы тууралуу айтып берип жатканда кээ бир каталарды кетирет;
2. Түшүнүктөрдүн жана аныктамалдардын мазмунун ачып көрсөтүүдө толук эмес жооп айтат жана илимий терминдерди, жыйынтыктарды, бүтүмдөрдү чыгарууда кээ бир каталарды кетирет;
3. Окуу материалын логикалык ырааттуулукта айтып берет, бирок өз алдынча оңдой ала турган анча орой эмес бир ката кетирет.
4. Жообун конкреттүү мисалдар менен толуктайт.
5. Окуп жаткан окуу материалындагы негизги жоболорду өз алдынча бөлүп алат жана фактылардын, мисалдардын негизинде жалпылайт, бүтүм чыгарат;
6. Негизги географиялык өз ара байланыштардын манызын ачып көрсөтөт;
7. Географиялык номенклатураны билет жана географиялык карта менен иштөөдө анча орой эмес каталарды кетирет.

### "3" белгиси (баа) коюлат. Эгер окуучу:

1. Окуу материалынын мазмунун ачып көрсөтөт, окуу программасын андан ары өздөштүрүүгө тоскоол болбогон кээ бир каталарды кетирет;
2. Окуу материалын баш аламан, фрагмент менен жана кээ бир учурларда ырааттуулугу бузулуу менен берилет;
3. Жыйынтыктоодо, бүтүм чыгарууда аргументтүү жооп бере албайт жана кээ бир каталарды кетирет.
4. Илимий терминдерди, түшүнүктөрдү пайдаланууда каталарды жана так эмес маалыматтарды берет;

5. Жалпылоолордо жана жыйынтыктоодо байкоолордун же тажрыйбалардын натыйжаларын колдоно албайт, каталарды кетирет;
6. Теориялардын жана мыйзамдардын негизинде кубулуштарды түшүндүрүүдө кыйналат;
7. Окуу китебинин текстин айтып бере алат, бирок текстин мазмунун толугу менен түшүнбөйт одоно бир-эки ката кетирет.
8. Географиялык карта менен иштөө көндүмү жок жана географиялык номенклатураны начар билет.

### "2" белгиси (баа) коюлат. Эгер окуучу:

1. Окуу материалынын негизги мазмунун ачып бере албайт
2. Жалпылап, бүтүм чыгара албайт.
3. Окуу материалынын көпчүлүк бөлүгүн билбейт жана түшүнбөйт;
4. Белгилүү үлгүнүн негизинде суроолорду жана тапшырмаларды аткара албайт;
5. Бир суроого жооп берип жатканда мугалимдин жардамы менен ондоого мүмкүн болбогон одоно каталарды кетирет.
6. Географиялык карталарды пайдаланууда одоно каталарды кетирет.
7. Географиялык номенклатураны билбейт.

## Практикалык жана өз алдынча иштерди баалоо

### «5» белгиси (баа)

1. Практикалык жана өз алдынча иштер толугу менен өз алдынча аткарылган (зарыл болгон адабияттарды иргеп алуу, ишти аткаруунун кадамдары ж.б.).
2. Иш таза аткарылган (презентабелдүү).

### «4» белгиси (баа)

1. Практикалык жана өз алдынча иштер толугу менен өз алдынча аткарылган .
2. Ишти аткаруунун сунушталган кадамдарында жана ишти жасалгоолодо алынуучу натыйжалардын тууралыгын таасир бербеген одоно эмес каталар кетет.

### «3» белгиси (баа)

1. Практикалык иш жана аны жасалгалоо мугалимдин жардамы менен аткарылган.
2. Иш толугу менен аткарылбагандыктан кошумча окуу убактысын талап кылат же аны аткаруу үчүн үйдөн аткарып келүүгө тапшырма берилет.
3. Географиялык приборлор, статистикалык маалыматтар жана картанын атласы менен иштегнде кыйналат.

### «2» белгиси (баа)

1. Практикалык же өз алдынча ишти аткарууга даяр эмес.
2. Аткарылган иштин жыйынтыктарынын негизинде туура бүтүмдөрдү чыгарууга мүмкүндүк бербейт жана алдыга коюлган окуу максаттары менен дал келбейт.

## Контур картаны баалоо. «5» белгиси (баа)

1. Контур карта таза жана туура толтурулган.
2. Географиялык объектилердин жайгашкан орду туура көрсөтүлгөн.

3. Контур карта текшерүүгө өз убагында берилген.

### «4» белгиси (баа)

1. Контур карта таза жана туура толтурулган.
2. Географиялык объектилердин жайгашкан ордун көрсөтүүдө 2-3 одоно эмес ката көрсөтүлгөн.

### «3» белгиси (баа)

1. Контур картада кээ бир одоно каталар бар, бирок географиялык объектилердин алган орду туура берилген.

### «2» белгиси (баа)

1. Контур карта туура эмес толтурулган
2. Аткарылган эмес.

## Дене тарбия сабагы боюнча баалоо критерийлери

**“5”** – Берилген кыймыл -аракетти туура аткара алса.

Шамдагайлыгын,  күчтүүлүгүн, ийилчээктигин, тездиктигин көргөзө алса.

Берилген нормативти так аткара алса.

Эрежени туура сактап,эске алуу менен пайдалана билсе;

**“4”** – Берилген кыймыл-аракетти туура аткара албаса.

Шамадагайлыгын, күчтүүлүгүн ийилчээктигин тездиктигин толук көргөзө албаса.

Нормативти толук аткара албаса.

Эрежени туура,так сактай албаса;

**“3”** – Берилген кыймыл-аракетти аткара албаса.

Шамдагайлыгын, ийилчээктигин, күчтүүлүгүн, тездиктигин көргөзө албаса.

Нормативти аткара албаса.

Эрежени сактай   албаса;

## БИЛИМ БЕРҮҮНҮН НАТЫЙЖАЛАРЫ ЖАНА ПРОЦЕССТИ БААЛОО

**Информатика сабагы боюнча баа коюунун нормалары**

«5» деген баа окуучуга төмөнкү учурларда коюлат: - өтүлгөн материалды катасыз айтып же жазып берсе; - билим, билгичтик жана практикалык көндүмдөрдүн бардык көлөмүн программага ылайык өздөштүргөн болсо; - өзгөртүлүп берилген суроолорго оңой жооп берсе; - бүтүндөй материалды так жана толугу менен айтып берет, жазуу иштерин катасыз аткара алса; - алган билимдерин практикада эркин колдоно алса.

«4» деген баа окуучуга төмөнкү учурларда коюлат: - программалык материалдын билимдерин өздөштүрсө; 29 - материалды аң сезимдүү түрдө айтып берип, бирок анын маанилүү жактарын дайыма ажыратып айта албаса; - билимдерин практикада колдоно алат, бирок өзгөртүлүп берилген суроолорго оңой жооп бере албаса; - оозеки жана жазуу формасындагы тапшырмаларга берилген жоопторунда каталар болушу мүмкүн, мугалим эскерткен кемчиликтерди оңой оңдой алса.

«3» деген баа окуучуга төмөнкү учурларда коюлат: - программалык материалдын билимдерин өздөштүрөт, бирок өз алдынча айтып берүүдө кыйналат жана мугалим тарабынан тактап-толуктай турган суроолордун берилишин талап кылса; - өзгөртүлүп берилген суроолорго жооп берүүдө кыйналса; - оозеки жана жазуу формасындагы тапшырмаларга берилген жоопторунда каталар болсо.

«2» деген баа окуучуга төмөнкү учурларда коюлат: - материал туурасында башка түшүнүккө ээ болсо; - оозеки жана жазуу формасындагы тапшырмаларга берилген жоопторунда орой каталар болсо.

**Оозеки жоопторду баалоонун критерийлери**

«5» деген баа окуучуга төмөнкү учурларда коюлат: - өздөштүрүлгөн теориянын негизинде толук жана туура жооп берсе; - материалды белгилүү логикалык ырааттуулук менен адабий тилде айтып берет: жооп өз алдынча берсе.

«4» деген баа окуучуга төмөнкү учурларда коюлат: - өздөштүрүлгөн теориянын негизинде толук жана туура жооп берсе; материалды белгилүү логикалык ырааттуулук менен адабий тилде айтып берет, бирок эки-үч майда ката кетирип, аларды мугалимдин эскертүүсү боюнча оңдосо.

«3» деген баа окуучуга төмөнкү учурларда коюлат: - жооп толук берилди, бирок маанилүү ката бар, же болбосо толук эмес жооп берсе.

«2» деген баа окуучуга төмөнкү учурларда коюлат: - жооп берип жатканда окуучунун өтүлгөн материалдын негизги мазмунун түшүнбөй калгандыгы аныкталганда же мугалимдин жол көрсөтүүчү суроолорунун жардамы менен оңдой албай калган маанилүү каталары бар болсо.

**Практикалык ишти баалоонун критерийлери**

«5» деген баа окуучуга төмөнкү учурларда коюлат: - иш туура жана толук аткарылган; туура жыйынтык чыгарылса; - иш план боюнча техникалык коопсуздукту сактоо менен аткарылса.

«4» деген баа окуучуга төмөнкү учурларда коюлат: - жалпысынан иш туура аткарылган, эки-үч майда ката кетирилип, алар мугалимдин эскертүүсү боюнча оңдолсо.

«3» деген баа окуучуга төмөнкү учурларда коюлат: - иш жарым-жартылай туура аткарылган же болбосо маанилүү ката кетирилсе.

«2» деген баа окуучуга төмөнкү учурларда коюлат: - ишти аткаруу учурунда эки (жана көп) маанилүү ката кетирилген жана бул каталарды окуучу мугалимдин эскертүүсү менен оңдой алган эмес.

**Тесттерди баалоонун критерийлери**

“3” деген баа туура жооптор жалпы суроолордун 60% -74% түзсө;

“4” деген баа туура жооптор жалпы суроолордун 75% - 90% түзсө;

## Көркөм өнөр сабагы боюнча баалоо критерийлери

**"5"** - графиканын пайда болуу тарыхын айтып берсе, графикалык сүрөттөөнүн бардык сызыктарын колдонуп, натюрморттун графикада туура чагылдырылышын аныктай алса, графикалык иштерди кантип туура аткаруу керектигин көрсөтүп берсе: - конструкция; - компоновка; - пропорция; - симметрия; - деңгээл сызыгы; -перспектива; композиция, түс, так (оттенок), ыргак, фон ж.б., жаратылышты тартып, түстөрдү туура пайдаланса, декоративдик-колдонмо искусствонун өнүгүү тарыхын айтып берсе, кыргыз ж.б. улуттук оюулардын элементтеринен композиция түзө алса , Кыргызстандын декоративдик-колдонмо искуствосунун негизги үлгүлөрүн аныктай алса;

**"4"** - графиканын пайда болуу тарыхын айтып берүүдө бир аз кыйналса , графикалык сүрөттөөнүн бардык сызыктарын колдонуп, натюрморттун графикада туура чагылдырылышын толук аныктай албаса, графикалык иштерди кантип туура аткаруу керектигин көрсөтүп берүүдө конструкция, компоновка, пропорция, симметрия,деңгээл сызыгы,перспектива, композиция, түс, так (оттенок), ыргак, фон ж.б. толук колдоно албаса, жаратылышты тартып, түстөрдү туура эмес пайдаланса, декоративдик-колдонмо искусствонун өнүгүү тарыхын толук айтып бербесе, кыргыз ж.б. улуттук оюулардын элементтеринен композиция түзө алса , Кыргызстандын декоративдик-колдонмо искуствосунун негизги үлгүлөрүн аныктай алса;

**"3"** - графиканын пайда болуу тарыхын толук айтып бере албаса, графикалык сүрөттөөнүн бардык сызыктарын колдонуп, натюрморттун графикада туура чагылдырылышын аныктай албаса, графикалык иштерди кантип туура аткаруу керектигин көрсөтүп бербесе, конструкция, компоновка; - пропорция; - симметрия; - деңгээл сызыгы; -перспектива; композиция, түс, так (оттенок), ыргак, фон ж.б, жаратылышты тартып, түстөрдү туура пайдаланбаса, декоративдик-колдонмо искусствонун өнүгүү тарыхын айтып бере албаса, кыргыз ж.б. улуттук оюулардын элементтеринен композиция түзө албаса , Кыргызстандын декоративдик-колдонмо искуствосунун негизги үлгүлөрүн аныктай албаса;

## МАТЕМАТИКАДАН ОКУУЧУЛАРДЫН ЖАЗУУ ЖҮЗҮНДӨГҮ ИШТЕРИН БААЛООНУН ТАЛАПТАРЫ

«5» деген баа окуучулардын төмөндөгүдөй жазуу жүзүндөгү текшерүү иштери үчүн коюлат:

- жазуу ишиндеги берилген тапшырма толук аткарылса;
- маселени чыгаруунун кадамдарын негиздөөдө жана логикалык талкуу жүргүзүүсүндө каталар жана жетишпегендиктер жок болсо;
- маселени чыгарууда математикалык каталар жок болсо ( бир так эместик, жазууда ката болушу мүмкүн, бирок алар материалды толук түшүнбөгөндүктөн же билбегендиктен эмес кетирилген );
- тапшырманы чыгаруунун рационалдуу жолун колдонуу менен чыгарса;
- берилген тапшырмаларды так чыгарып жоопторун так жаза алса.

«4» деген баа окуучулардын төмөндөгүдөй жазуу жүзүндөгү текшерүү иштери үчүн коюлат:

- иш толук аткарылса, бирок чыгаруунун кадамдарын негиздөөдө жетишпегендиктер болсо (эгерде талкулоону негиздөө билгичтиктери текшерүүнүн максаты болбосо);
- сүрөттөрдө, чиймелерде, графиктерде 2-3 жетишпестиктер болсо, же 1 ката кетирлсе(эгерде ушул жумуштардын түрү текшерүүнүн максаты болбосо);
- тапшырманы чыгарууда рационалдуу жолду колдонуп чыгара албаса;
- берилген тапшырмаларды так чыгарып жоопторун так жаза алса.

«3» деген баа окуучулардын төмөндөгүдөй жазуу жүзүндөгү текшерүү иштери үчүн коюлат:

- сүрөттөрдө, чиймелерде, графиктерде, 2-3 жетишпестиктер болсо, 1 ката кетирилсе, бирок берилген тема боюнча негизинен окуучу билимдерине, билгичтиктерине коюлган талаптарга ээ болсо;
- тапшырманы чыгарууда рационалдуу жол менен чыгара албаса.

«2» деген баа окуучулардын төмөндөгүдөй жазуу жүзүндөгү текшерүү иштери үчүн коюлат:

- кетирилген каталары берилген тема боюнча окуучунун билимдерине, билгичтиктерине коюлган талаптарга ээ болбогондугу көрүнүп турса;
- тапшырманы чыгарууда орчундуу каталар кетирилсе;
- тапшырманын жообу туура эмес болсо;
- математикалык символдор туура эмес жазылса жана математикалык терминдер туура эмес колдонулса;
- тапшырмада 5 же андан ашык каталар кетирисе.

# МАТЕМАТИКА БОЮНЧА ОКУУЧУЛАРДЫН ООЗЕКИ ЖООПТОРУН БААЛООНУН ТАЛАПТАРЫ

«5» деген баа окуучулардын төмөндөгүдөй оозеки жооптору үчүн коюлат:

- программада жана окуу китебинде каралган материалдардын мазмунун толук ачып бере алса;
- математикадагы материалды, предметке тиешелүү терминдерди жана символикаларды так колдонуу менен логикалык ырааттуулукта түшүндүрө алса;
- жоопторго тиешелүү чиймелерди, графиктерди туура аткара алса;
- теорияны так мисалдар менен иллюстрациялоо билгичтигин көрсөтсө жана теорияны практикалык тапшырмаларды аткарууда жаңы кырдаалдарда пайдалана алса;
- мурунку алган билимин өздөштүрүүсүн, суроого жооп берүүдө тийиштүү билгичтиктерин, көндүмдөрүн көрсөтө алса;
- мугалимдин жетектөөсүз өз алдынча жооп бере алса;

«4» деген баа окуучулардын төмөндөгүдөй оозеки жооптору үчүн коюлат:

- «4» деген баа негизинен «5» деген баа үчүн коюлган талаптарына жооп берсе, бирок төмөндөгүдөй жетишпегендиктеринин бирөөсү болсо;
- баяндоодо математикалык мазмунду бузбаган кээ бир каталарды кетирген болсо;
- негизги мазмунду ачып берүүдө мугалимдин талап кылуусу менен оңдолгон бир, эки жетишпегендиктер болсо;
- кошумча суроолорго жооп берүүдө ката же бир, эки жетишпегендиктер болуп, бирок мугалимдин эскертүүсү менен оңой оңдосо.

«3» деген баа окуучулардын төмөндөгүдөй оозеки жооптору үчүн коюлат:

- окуу материалын толук ачып бере албаса, мазмун ыраттуу эмес бөлүп айтылса, бирок программадагы материалды улантып өздөштүрө ала тургандыгын, суроонун жалпы түшүнгөндүгүн жана билимин көрсөтө алса;
- математикалык түшүнүктөрдү аныктоодо, терминдерди, чиймелерди, графиктерди колдонууда ката кетирсе, аларды мугалимдин жоопко түрткү берүүчү суроолорунан кийин гана оңдосо;
- теорияны практикалык тапшырмаларды аткарууда жаңы кырдаалдарда пайдалана албаса, бирок берилген тема боюнча сөзсүз аткарылуучу талаптарга тиешелүү тапшырмаларды аткара алса;
- теориялык билими жетиштүү болгону менен толук калыптандырылган билгичтиктери жана көндүмдөрү жетишсиз болсо.

«2» деген баа окуучулардын төмөндөгүдөй оозеки жооптору үчүн коюлат:

- окуу материалынын негизги мазмунун ачып бере албаса;
- окуу материалынын негизги же маанилүү бөлүгүн түшүнбөгөндүгү жана билбегендиги байкалса;
- математикалык түшүнүктөрдү аныктоодо, терминдерди, чийүү, графиктерди колдонууда кыйналса же ката кетирсе, аларды мугалимдин жоопко түрткү берүүчү суроолорунан кийин да оңдой албаса.

## ***Музыка сабагында окуучулардын жетишкендиктерин баалоонун формалары жана критерийлери***

Музыка сабактарында баалоонун төмөнкү түрлөрү милдеттүү түрдө пайдаланылат.:

Формативдик баалоо (окутуунун бүткүл процесси боюнча) жана суммативдик (жыйынтык) баалоо

Музыка сабагында окуучулардын окуудагы жетишкендиктерин баалоонун төмөндөгүдөй формалары колдонулат:

- окуучулардын оозеки жооптору;

- жазуу иштери;

- практикалык тапшырмалар;

- окуучулардын оозеки жооптору дегенибиз:

- презентацияларды даярдоо;

- обонду тапчы- сабакта жанырган чыгармаларга анализ;

- жекече,топтук жана хор менен ырдоо:

***Окуучуларга «баа» коюунун критерийлери:***

**«5»** деген баа окуучунун төмөндөгүдөй жетишкендиктери үчүн коюлат:

- эгер окуучу музыкалык чыгармага байланыштуу өзүнүн эмоциялык абалын мүнөздөй алса;

- эгер уккан чыгарма боюнча баа берүүчүлүк ой-пикирин айта алса.

**«4»** деген баа төмөнкү окуучуларга коюлат:

- эгер жообунда чыгарманын мазмунуна доо кетирбей турган анча олуттуу эмес каталарга жол берсе;

- эгер жөнөкөй музыкалык үлгүлөр жаралса;

- эгер окуучу чыгарманы, анын авторун атап берсе.

**«3»** деген баа төмөнкү учурларда коюлат:

- эгер окуу материалын толугу менен ачып бере албаса, бөлүк болуп берилсе, эгер берилген суроо жана билимдер боюнча жалпы түшүнүгүн көрсөтсө:

- эгер каталарын мугалимдин жетелеме же жоопко түрткү берүүчү суроолорунан кийин гана ондосо.

**«2»** деген баа төмөнкү учурда коюлат:

- эгер кетирилген каталар окуучу берилген тема боюнча талап кылынган билимдерге, ,билгичтиктерге ээ болбогонун көрсөтсө;

- эгер окуу материалынын негизги же маанилүү бөлүгүн түшүнбөгөнү же билбегени терминдерди, аныктамаларды түшүндүрүп бере албаганы байкалса.

**«1»** деген баа төмөнкү учурда коюлат:

- эгер жооп болбосо.

**Химия сабагынан окуучулардын ишмердүүлүктөрү боюнча баалоонун чен-өчөмдөрү**

## 1. Оозеки жоопторун баалоонун чен-өлчөмдөрү

**" 5 " деген баа коюлат, эгерде окуучу:**

1. окуп-үйрөнүлгөн теориялардын негизинде жоопту толук жана туура берсе ;
2. материалды белгилүү бир логикалык ырааттуулукта ,адабий тилде берсе;
3. жообу өз алдынча болсо.

**" 4 " деген баа коюлат , эгерде окуучу:**

1. окуп-үйрөнүлгөн теориялардын негизинде жоопту толук жана туура берсе;
2. материалды белгилүү бир логикалык ырааттуулукта ,адабий тилде берсе, бирок мугалимдин талабы боюнча эки-үч ката ондолсо.

**" 3 " деген баа коюлат, эгерде окуучу:**

1. жообу толук, бирок маңыздуу чоң ката кетирсе же жообу толук эмес ,байланышсыз болсо.

**" 2 " деген баа коюлат, эгерде окуучу:**

1. жооп бергенден материлдын негизги мазмунун түшүнбөгөндүгү байкалса;
2. олуттуу каталарды кетирсе;
3. аларды мугалим тарабынан берилген багыттоочу суроолор аркылуу оңдой албаса;
4. жооп бербесе.

## 2. Эксперименталдык билгичтиктерин баалоонун чен-өлчөмдөрү

**Окуучуларга байкоо жүргүзүүнүн жана ишине жазуу жүзүндөгү отчеттун негизинде баа коюлат**

**"5"деген баа коюлат, эгерде окуучу :**

1.эксперимент жүргүзүүдө теориялык билимдери түшүнүү менен пайдаланса ;
2.зарыл болгон реактивдерди .жабдууларды тандоодо практикалык билгичтиктери калыптанса;
3.тажрыйбаларды ырааттуу аткарса;
4.эксперименттин максатына ылайык жыйынтык чыгарса;
5.коопсуздук эрежелерин сактаса;
6.өзүнүн окуу ишмердүүлүгүнүн максаттарын өз алдынча аныктаса;

**"4" деген баа коюлат, эгерде окуучу:**

1.өзүнүн иш аракети менен логикалуу,көз карандысыз программалык экспериментти жүргүзө алса;
2.даяр алгоритмдерди , нускамаларды пайдалануу менен экспериментти аткарууда бардык практикалык иштерди өз алдынча жүргүзсө;
3.изилдөөнүн методикасын жана максатын көрсөтүү менендаяр нускаманын бар болушунан жыйынтыктардын байкоосун баяндаса, реактивдерди туура тандаса, коопсузудук эрежени сактоо менен өз алдынча өткөрө алса;
4.практикалык ишмердүүлүгүнүн мазмунуна туруктуу кызыгууну көрсөтсө, эксперименттик ишти аткарууда алган билимдерин пайдаланса;

**"3" деген баа коюлат, эгерде окуучу:**

1. Практикалык тапшырмаларды нускамалар боюнча аткарса, дайыма мугалимдин жардамына кайрылса;
2. Окуу материалынын мазмунун пайдалануунун негизинде байкоо жүргүзүлгөн кубулуштарды баяндай алса, оозеки билдирүү жасай алса.

**"2" деген баа коюлат, зегерде окуучу:**

1. Байкоо жүргүзүүнү өткөрүүнүн айрым элементтерин өздөштүрсө;
2. Эксперименттин максатын жетиштүү түшүнбөстөн ,эксперименттик тапшырмаларды мугалимдин жетекчилик астында аткарса;
3. Алынган жыйынтыкты түшүндүрө албаса, жөндөмдүүлүгү жок болсо;
4. Иштин жыйынтыгын баяндай албаса.

**3. Эсептөөчү маселелерди чыгаруу билгичтиктерин баалоонун чен-өлчөмдөрү**

**"5" деген баа коюлат, эгерде окуучу**

1. Маселени рационалдуу ыкма менен туура чыгарса, логикалык ой жүгүртүү жана чыгарууда ката жок болсо;
2. Маселенин чыгарылышын эсептөө маселелерин баяндоо эрежелерине ылайык жасалгаласа;

**"4" деген баа коюлат, эгерде окуучу:**

1. Логикалык ой жүгүртүүдө жана чечүүдө орчунду ката жок болсо, маселе рационалдуу эмес ыкма менен чыгарылса,маселе чыгарууда математикалык эсептерде ката кетирсе же маселенин жообу туура эмес болсо;
2. Маселени туура чыгарса, логикалык ой жүгүртүүдө жана чыгарууда орчундуу каталар жок, бирок эсептөө рационалдуу эмес ыкма менен чыгарылса же эки-үч орчундуу эмес ката кетирсе;
3. Маселе чыгарууну жазганда каталар бар болсо.

**"3" деген баа коюлат, эгерде окуучу:**

1. Логикалык ой жүгүртүүдө орчундуу ката кетирбесе, алардын негизинде эсептөө жүргүзүлө турган химиялык реакциянын тендемелери жана жалпы формулаларын туура жазса, бирок математикалык эсептөөлөрдө орчундуу каталарды кетирсе;
2. Маселе чыгаруунун баяндалышын баш аламан берсе.

**"2" деген баа коюлат, эгерде окуучу:**

1. Логикалык ой жүгүртүүдө бир-эки орчундуу эмес каталарды жана математикалык эсептөөлөрдө орчундуу каталарды кетирсе;
2. Маселе чыгаруунун баяндалышын баш аламан берсе.

**3. Жазуу жүзүндөгү текшерүү иштерин баалоонун чен-өлчөдөрү**

**"5" деген баа коюлат,эгерде окуучу :**

1. Толук жана туура жооп берсе, орчундуу эмес каталарды кетирсе;

**"4" деген баа коюлат, эгерде окуучу:**

1. Жоопту толук эмес берсе же экиге чейин орчундуу эмес ката кетирсе;

**"3" деген баа коюлат, эгерде окуучу:**

1. Ишти жарымына чейин аткарса, бир орчундуу жана ушул эле учурда эки-үч орчунсуз ката кетирсе.

**"2" деген баа коюлат,эгерде окуучу:**

1. Ишти жарымына чейин аткарса, экиден көп орчундуу жана ушул эле учурда эки-үч орчунсуз ката кетирсе.

## Тарых сабагы боюнча окуучулардын билим деңгээлин баалоонун критерийлери:

| | | |
|---|---|---|
| 1. Теманы толук окуп, окуяларды бири-бири менен байланыщтыра алуусу.<br>2. Негизги даталарды келтирип, темадагы окуяларды ирээтүү жайгаштыруусу<br>3. Инсандардын жана жерлердин аттарын туура, сабаттуу атай алуусу.<br>4. Темага байланыштуу терминдин маанисин билүүсү, карта менен иштей алуусу.<br>5. Окуяларга анализ ( чыгуу себеби, өнүгүү шарттары натыйжасы, жыйынтык чыгара алуусу)<br>6. Колдонмо тетраддагы тапшырмаларды туура, так аткара алса | | |
| **«5»**<br>Жогоруда аталган алты критерийдин баарына жооп берсе, | **«4»**<br>Көрсөтүлгөн критерийдин төртөөсүнө же үчөөсүнө жооп берсе | **«3»**<br>Эки же бир критерийге жооп берсе |
| **Топтордо иштеген окуучуларды баалоо** | | |
| **«5»**<br>Окуучу үй тапшырмасын аткарса, теманы турмуш менен байланыштырып, кошумча материалдарды билсе, эссе, жазууга катышса, өз оюн далилдей алса, суроолорду берип жана аларга жооп бере алса, анализ жүргүзө алса. | **«4»**<br>Аткарган тапшырмалары түшүнүктүү жана окуяларды ирээтүү айтып берсе, бирок граматикалык каталары болсо, материалды билип, бирок суроолорго толук далилдүү жооп бере албаса. | **«3»**<br>системалуу алган билими жок бирок аракеттенген жана өз позициясы бар берилген тапшырманы аткарат бирок өз оюн далилдеп өз сөзү менен айта албаса коюлат |

Ушул баалоону негизинде баалайм

**Калыптандыруучу (формативдик ) баалоо**

- Бул баланын окуусуна үзгүлтүксүз , максаттуу багытталган байкоо жүргүзүү процесси.
- Ал критерийлерге ылайык баалоого негизделет да кайтарым байланыш менен коштолот
- К.б. ар бир сабакта , күн сайын колдонулат.мугалим үчүн да, окуучу үчүн да ыщгайлуу формада колдонулат.

## Диагностикалык баалоо

- **Диогноздоочу баалоо баштапкы дещгээлин аныктоо**
- Диагностикалык баалоо теманы алгач үйрөтүүдө, бөлүмдүн же главанын башында, биринчи сабакта жүргүзүлөт. Бул иш мугалимге жащы материалды окутуунун кайсы бөлүгүндө кыйынчылыктарга туш келиши мүмкүн экендигин болжолдоп, алардын алдын алуу үчүн тийиштүү кадамдарды пландаштыруу

жагынан жардам берет.о.э окуучулардын жацы тема боюнча компитенттүүлүк дещгэлин текшерүү

- **Жыйынтыктоочу (суммативдик) баалоо**
- Жыйынтыктоочу баалоо белгилүү убакыт аралыгында окуучулардын билимдерди өздүштүрүү, билгичтиктеринин жана көндүмдүрүнүн калыптануу дещгээлин белгилүү жана алынган натыйжалардын стандарт талаптарына шайкештигин аныктоо.
- Текшерүү иштердин (тест, текшерүү иштери, жат жазуу, дил баян, эссе, ж.б.) ар кандай түрлөрүн аткаруунун жыйынтыгы боюнча жүргүзүлөт

## Окуучулардын билимин жана билгичтиктерин баалоого көрсөтмөлөр

Физика боюнча окуу программасынын талабы боюнча окуучулардын билимин баалоонун төмөнкүдөй нормалары сунуш кылынат.

***“5” деген баа:*** коюлган суроого толук жооп берилсе, ал логикалык ырааттуулукта баяндалса, формулалар туура жана чыгарылыштары менен берилсе, сүрөттөр жана схемалар туура чийилсе, тийиштүү материалдарды практикалык маселелерди чыгарууга колдоно алса коюлат.

***“4” деген баа:*** окуучунун билими жогорудагы талаптарга жооп берсе, бирок суроонун жообун оозеки айтып берүүдө же жазуу ишинде эки-үч орчундуу эмес каталар кетирилсе, мугалимдин эскертүүсүнөн кийин аны дароо оңдоого мүмкүнчүлүгү жеткен учурда коюлат.

***“3” деген баа:*** окуучу коюлган суроого негизинен жооп берсе, айрым бир орчундуу эмес каталар кетирилсе, билимдерин типтүү эмес маселелерди чыгарууга колдоно албаса, бирок мугалимдин эскертүүсүнөн кийин ошол кетирген каталарын түшүнсө жана аны оңдоого мүмкүнчүлүгү бар экендигин көрсөтө алса коюлат.

***“2” деген баа:*** окуучу коюлган суроонун жарымынан азын өздөштүрсө, ал суроого жооп берүүдө ырааттуу ою жок болсо, кетирген катанын мазмунун түшүнбөсө, ага өз алдынча даярданып, өздөштүрүп кетүүгө мүмкүнчүлүгү жетпей калган учурда коюлат.

***“1” деген баа:*** коюлган суроо-талап толугу менен аткарылбаса, аны аткарууга аракет жасалбаган учурда коюлат.

Лабораториялык иштерди аткаргандыгын баалоо үчүн төмөнкү билгичтиктер эске алынат:

- лабораториялык ишти аткарууну пландаштыруу;
- түзүлүштөрдү тандоо жана аларды схема боюнча жыйноо;
- лабораториялык ишти аткаруу, байкоо жүргүзүү, өлчөөчү куралдардын көрсөткүчтөрүн туура жазып алуу, чоңдуктардын маанилерин таблицага түшүрүү, алардын ортосундагы көз карандылыкты аныктоо, графиктерди түзүү;
- кыскача отчет түзүү жана аткарылган иштер боюнча жыйынтык чыгаруу.

Мындан сырткары окуучулардын физикалык терминдерди туура айтуусуна, жазуусуна жана колдоно билүүсүнө, окуу материалдарын байланыштыра алышына, маселе чыгаруунун эрежелерин туура аткарылышына өзгөчө көңүл бөлүнөт.

**3. Эсептөөчү маселелерди чыгаруу билгичтиктерин баалоонун чен-өлчөмдөрү**

**“5” деген баа коюлат, эгерде окуучу**

1. Маселени рационалдуу ыкма менен туура чыгарса, логикалык ой жүгүртүү жана чыгарууда ката жок болсо;
2. Маселенин чыгарылышын эсептөө маселелерин баяндоо эрежелерине ылайык жасалгаласа;

**“4” деген баа коюлат, эгерде окуучу:**

1. Логикалык ой жүгүртүүдө жана чечүүдө орчунду ката жок болсо, маселе рационалдуу эмес ыкма менен чыгарылса,маселе чыгарууда математикалык эсептерде ката кетирсе же маселенин жообу туура эмес болсо;
2. Маселени туура чыгарса, логикалык ой жүгүртүүдө жана чыгарууда орчундуу каталар жок, бирок эсептөө рационалдуу эмес ыкма менен чыгарылса же эки-үч орчундуу эмес ката кетирсе;
3. Маселе чыгарууну жазганда каталар бар болсо.

**“3” деген баа коюлат, эгерде окуучу:**

1. Логикалык ой жүгүртүүдө орчундуу ката кетирбесе, алардын негизинде эсептөө жүргүзүлө турган химиялык реакциянын тендемелери жана жалпы формулаларын туура жазса, бирок математикалык эсептөөлөрдө орчундуу каталарды кетирсе;
2. Маселе чыгаруунун баяндалышын баш аламан берсе.

**“2” деген баа коюлат, эгерде окуучу:**

1. Логикалык ой жүгүртүүдө бир-эки орчундуу эмес каталарды жана математикалык эсептөөлөрдө орчундуу каталарды кетирсе;
2. Маселе чыгаруунун баяндалышын баш аламан берсе.

**3. Жазуу жүзүндөгү текшерүү иштерин баалоонун чен-өлчөдөрү**

**“5” деген баа коюлат,эгерде окуучу :**

1. Толук жана туура жооп берсе, орчундуу эмес каталарды кетирсе;

**“4” деген баа коюлат, эгерде окуучу:**

1. Жоопту толук эмес берсе же экиге чейин орчундуу эмес ката кетирсе;

**“3” деген баа коюлат, эгерде окуучу:**

1. Ишти жарымына чейин аткарса, бир орчундуу жана ушул эле учурда эки-үч орчунсуз ката кетирсе.

**“2” деген баа коюлат,эгерде окуучу:**

1. Ишти жарымына чейин аткарса, экиден көп орчундуу жана ушул эле учурда эки-үч орчунсуз ката кетирсе.

**Оозеки жооптун баалоо көрсөткүчүнүн таблицасы**

| Баа | Көрсөткүчтөр |
|---|---|
| "5" деген баа | Окуучу билимин жана ошол теманы түшүнгөнүн көрсөтөт:<br>1) тил түшүнүктөрүнө туура аныктамаларды берет;<br>2) өзүнүн ой пикирин негиздей алат, билимин практикада колдон алат, керектүү мисалдарды китептен эле келтирбестен, өз алдынча да түзө алат;<br>3) адабий тилдин нормаларында материалды иреттүү жана туура баяндайт. |
| "4" деген баа | Жооп "5" деген баадагы талаптарга дал келет, бирок өзү оңдогон 1,2 катага, ырааттуулукта жана тил коздугундагы баяндоодо 1-2 кемчиликке жол берет. |
| "3" деген баа | Окуучу билимин жана ошол теманын негизги жоболорун түшүнгөнүн көрсөтөт, бирок:<br>материалды толук эмес баяндайт жана түшүнүктөрдү же эрежелерди так эмес аныктоого жол берет;<br>2) өз оюн жетишерлик терең жана ишенердик далилдей албайт жана өз мисалдарын келтире албайт;<br>3)материалды ирээти менен баяндабайт жана тил коздугунда баяндоодо катага жол берет. |
| "2" деген баа | Окуучу ылайыктуу бөлүмдүн материалын көпчүлүк бөлүгүн билбегендигин көрсөтөт, эреже жана түшүнүктөрдү так жана кыска түшүндүрүүдө катага жол берет, материалды ирээтсиз баяндайт. "2" деген баа окуучуну даярдоодо кийинки материалды ийгиликтүү өздөштүрүүсүнө олуттуу тоскоол боло турган кемчиликтерин белгилейт. |
| "1" деген баа | Окуучу материалды толук билбегендигин жана түшүнбөгөндүгүн көрсөтөт. |

**Жат жазууну баалоо көрсөткүчүнүн таблицасы**

| Баа | Көрсөткүчтөр |
|---|---|
| “5” деген баа | Катасыз иш же 1 одоно эмес орфографиялык, 1 одоно эмес пунктуациялык же 1 одоно эмес грамматикалык катасы бар болсо. |
| “4” деген баа | 2 орфографиялык жана 2 пунктуациялык, же<br>1 орфографиялык жана 3 пунктуациялык каталар, же<br>4 пунктуациялык ал эми орфографиялык каталардын жок болгонунда.<br>“4” деген баа 3 орфографиялык катада коюлушу мүмкүн, эгер алардын арасында бир типтегилер болсо. Аны менен бирге 2 грамматикалык катага да жол берилет. |
| “3” деген баа | 4 орфографиялык жана 4 пунктуациялык каталар, же<br>3 орфографиялык жана 5 пунктуациялык каталар, же<br>7 пунктуациялык ал эми орфографиялык каталардын жок болгонунда.<br>5-класста “3” деген бааны 5 орфографиялык жана 4 пунктуациялык каталарда коюуга уруксат берилет. “3” деген баа 6 орфографиялык жана 6 пунктуациялык катада коюлушу мүмкун, эгер алардын арасында бир типтүү жана одоно эмес каталар бар болсо. Анын менен бирге 4 грамматикалык катага да жол берилет. |
| “2” деген баа | 7 орфографиялык жана 7 пунктуациялык каталар, же<br>6 орфографиялык жана 9 пунктуациялык каталар, же<br>8 орфографиялык жана 6 пунктуациялык каталар. |
| “1” деген баа | “2” деген баага караганда каталардын санынын көптүгү. |